тейлөөсү боюнча. Абонент товарларга жана тейлөөгө өз убагында төлөбөсө "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ абонентке 0,1 % өлчөмүндө пеня эсептейт,ар бир күндүн карызынан,эгерде жазуу түрүндөгү эскертүүдөн кийин, абонентке ичүүгө жарактуу сууну берүүнү токтотот.

6.4. Ичүүгө жарактуу суу абонент карызын толук төлөп бергенден кийин берилет;

6.5. Ичүүгө жарактуу сууга жана агымдардын түшүшүнүн ошондой эле суутүтүк-канализациялык тармактарынын техникалык тейлөөсүнө "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ менен эсеп жазылат. Абонент менен субабоненттин эсептешүү талабын "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ карабайт;

6.6. Турак же киши турууга ылайыкталбаган имаратты физикалык же юридикалык жак сатып алса сатуучунун сууколдонууга жана суукетирүүгө карызын текшерүүгө милдетүү. Жаңы кожоюн бир айдын ичинде өзүнүн атына суукамсыздоо жана суукетирүү келишимин каттоо боюнча "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ кайрылууга милдеттүү,суу жана канализация боюнча карыздар табылса алар автоматтуу түрдө жаңы кожоюнга өтөт.

6.7. Турак жана турууга ылайыкталбаган имаратты ишмердүүлүк үчүн пайдаланса,сууколдонуу жана агымдарды таштоо менен байланыштуу ылайыкталган суу керектөөчү тобу үчүн тариф колдонулат.

## 7. ИЧҮҮГӨ ЖАРАКТУУ СУУНУН ТОКТОТУУ ЖЕ ЧЕТТЕТҮҮ ИРЕТИ ЖАНА (ЖЕ) АГЫМДАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ.

7.1. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" ММ эскертүүсүз Кеңеш, Буденовка, Д.Курманалиев айылдарынын башка абоненттерине же кварталдарында ичүүгө жарактуу суунун берилишин кийинки учурларда өчүрөт:

- борбордук суукамсыздоо системасынын насостук станцияларын электркубаттуулук менен авариялык камсыздоосун токтотуу:
- өрт жерлерге суу берүүнүн зарылдыгын көбөйтүү;
- кырсыктар;
- суу түтүк жана канализациялык тармактарда жана курулмаларда аварияларды;

7.2. "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ абонентке ичүүгө жарактуу сууну авария учурунда же тышкы жана ички суутүтүк бузулганда бергенди токтотот.